| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЕТОВСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин VII-чакырылыштагы депутаттарынын кезектүү XI-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**17-август 2024-жыл, № 11-21 Баетов айылы**

**Муниципалдык менчикти бизнес өнөктөштөргө ижарага берүү жөнүндө**

Муниципалдык менчикти сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында «Муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине, айылдык кеңештин ______ № ______ токтому менен бекитилген «Муниципалдык менчик объектилерин пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө» жобонун 8-главасына ылайык, Баетов айылдык кеңеши

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. “Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун кошумча каржылоо” долбоорунун милдеттерин аткаруунун алкагында, Баетов айыл өкмөтүнүн башчысы Сабыров Турат Сабырович ушул токтомдун тиркемесине ылайык, муниципалдык мүлктү Бизнес-өнөктөшкө экономикалык ири долбоорун ишке ашыруу үчүн ижарага берүүнү жүргүзсүн.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Сабыров Турат Сабырович белгиленген тартипте муниципалдык менчикти ижарага берүү жөнүндө Келишим түзсүн жана мүлктү кабыл алуу актынын негизинде өткөрүп берүүнү уюштурсун.

3. Бизнес-өнөктөш (№ 1 тиркемеде көрсөтүлгөн)

– өткөрүп берүү-кабыл алуу актысында көрсөтүлгөндөрдү белгиленген тартипте ижарага кабыл алсын;

– ижарага алынган мүлктүн максаттуу пайдаланылышын камсыз кылсын;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага: Ч. Азимжанов**

Жиберилди:Баетов айыл өкмөтүнө, иш кагазына

VII – чакырылыштагы депутаттардын
Баетов айыл аймагынын айылдык кеңешинин
2024-жылдын 17-август
№ 11-21 токтомуна тиркеме

| **№** | **Айылдын аталышы** | **Бизнес өнөктөш** | **Ижара бериле турган жабдуулар, айыл чарба шаймандары** |
|---|---|---|---|
| 1 | Терек | Матмусаев Мурат | Сеялка трехбочковая, зерно травяная |
| | | | Пресс подборщик |
| | | | Расбрасыватель минеральных удобрений |